Манас» эпосун классикалык эпостун бийик үлгүсүндөгү адабий көркөм чыгарма катары эле эмес, рух дөөлөтү, улут мурасы, ар тараптуу билим алуунун, тарбия берүүнүн энциклопедиясы катары да окутуп-үйрөтүү зарыл.

**Жыйынтыктар:**

1. Илимий макаланын жыйынтыгында башталгыч класстын окуучуларын “Манас” эпосунун негизинде ынтыкмактуулукка жана патриоттуулукка тарбиялоочу түбөлүктүү идеяларды, мектеп окуучуларынан баштап аң-сезимине сиңирүү, баалуу мурастарыбызды сактоо, тарбиялоо тууралуу айтылды;

2. “Манас” эпосун окутууга көңүл бурулду, «Манас таануу» сабагын мектептерде тереңдетип окутуунун мааниси, маселеси максаты азыркы учурдагы көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору сунушталды.

**Колдонулган адабияттар:**

1. **Имаралиева, Ж.Р.** «Манас» эпосу жана илим маселеси [Текст] / Ж.Р. Имаралиева // Вестник Ошского государственного университета.- Ош: ОшГУ, 2019.- №3. - С. 110-113.
2. **Байгазиев, С.** Кыргыз адабияты: орто мектептин XI-класстары үчүн окуу китеби [Текст] / [С. Байгазиев, К. Артыкбаев, К. Иманалиев ж.б.].- Бишкек: Билим компютер, 2013. - 252 б.
3. **Мадмуратова, З.Г.** “Манас” эпосу аркылуу жаштарды гумандуулукка тарбиялоо [Текст] / З.Г. Мадмуратова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Бишкек,2016.- № 8.- 120 б.
4. **Тахирова, Н.И.** «Манас таануу» курсун окутуунун мааниси [Текст] / Н.И.Тахирова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Бишкек, 2019.- №1. -138 б.
5. **Максутов, Б.** «Манас» эпосу жана манасчылар [Текст] / Б. Максутов.- Бишкек, 2017.-14 б.
6. **Ажыбаев, К. М** Манастаануу [Текст] / К.М. Ажыбаев // Окуу - усулдук комплекс.- Б.: Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясы, 2015.- 18 б.
7. **Укуева, Б.К.** Искусство сказания эпоса Манаса и ее секреты [Текст] / Б.К. Укуева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2016. - №3,4. – С. 72 – 77.
8. **Алибекова, У.Б.** Научно-методические основы обучения курса манасоведения в средних школах [Текст] /У.Б. Алибекова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2018. - № 1. – 96 с.
9. **Байиева, Б.А.** Особенности обучения эпоса «Манас» в средних профессиональныхи высших учебных заведениях [Текст] / Б.А.Байиева, Б.Т.Баитова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2017. - №3,4. – С. 67-71.

DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_99

Поступила в редакцию 07. 10. 2021 г.

**УДК 811.2**

***Пазилова Т. Ж.***
*ст. преп. Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б. Сыдыкова,*
*Кыргызская Республика*

# КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ ЖАРДАМЧЫ ЭТИШТЕРГЕ САЛЫШТЫРМА ТИПОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ

*Макалада изилдөөнүн предмети катары кыргыз жана англис тилдериндеги жардамчы этиштер каралат. Изилдөөнүн негизги максаты эки тилдеги жардамчы этиштерди типологиялык айырмачылыктары изилденет. Негизинен изилдөөдө салыштырма, талдоо жүргүзүү методдору колдонулган. Кыргыз жана англис тилдериндеги жардамчы этиштер*

*колдонулушу жагынан активдүү бирок алардын маанисине карай бөлүнүшү жана грамматикалык жактан аткарган функциясы ар түрдүү. Изилдөөнүн натыйжасында кыргыз жана англис тилдериндеги жардамчы этиштер ортосунда чоң айырмачылык бар экени салыштырып көргөзүлгөн. Англис тилинде лексикалык мааниге ээ болгон жардамчы этиштердин ичинен төмөнкүлөр айырмаланат: to be, to have, to do. Бул этиштер учур чак жана өткөн чактардын (Present and Past Indefinite) жай сүйлөмдөрүнөн башка бардык чактарда колдонулушу мүмкүн. Англис тилиндеги жардамчы этиштер кыргыз тилиндеги жардамчы этиштер менен типологиялык жактан окшош эмес, ошондой эле жардамчы этиштердин жасалышы жагынан да айырмачылыктары бар. Кыргыз тилиндеги жардамчы этиштер булар татаал этиштерди формаларын түзүүгө жардам берген, бирок өзүнүн лексикалык маанисине ээ болбогон жана чактын, жактын жана сандын көрсөткүчү катары гана кызмат кылган этиштер экени аныкталды. Макалада жардамчы этиштер кыргыз жана англис тилдеринде жалпысынан салыштырылып каралды, теманы тереңирээк изилдөөдө англис тилиндеги жардамчы этиштерди ар бир чактарда, туюк мамиледе жана ыңгайда тереңирээк мисалдар аркылуу изилдеп салыштырылып кароого муктаж. Изилдөөнүн натыйжасын кыргыз жана англис тилдерин окутууда алардын өзгөчөлүктөрүн салыштырууда жана салыштырма типологиялык курс сабактарында колдонууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *жардамчы этиштер; негизги этиш; семантикалык этиш; лексикалык маани; негизги компонент; тил илиминде; структура; чактар; ыңгай; мамиле.*

## СРАВНИТЕЛЬНАЯ ТИПОЛОГИЯ ВСПОМОГАТЕЛЬНЫХ ГЛАГОЛОВ В КЫРГЫЗСКИХ И АНГЛИЙСКИХ ЯЗЫКАХ

*В данной работе предметом исследования является вспомогательные глаголы в кыргызском и английском языках. Основная цель исследования - изучить типологические различия вспомогательных глаголов двух языков. В исследовании использовались в основном сравнительные и аналитические методы. Вспомогательные глаголы в кыргызском и английском языках активно употребляются, но у них различаются деление по своему значению и грамматической функцией. Результаты исследования показывают, что существует большая разница между вспомогательными глаголами в кыргызском и английском языках. Среди вспомогательных глаголов, имеющих лексическое значение в английском языке, выделяют следующие: to be, to have, to do. Эти глаголы могут использоваться во всех временах, кроме предложений в настоящем и прошедшем времени ( Present and Past Indefinite). Вспомогательные глаголы в двух языках типологически не похожи, а также существуют различия в образовании вспомогательных глаголов в английском и кыргызском языках. Вспомогательными глаголами в кыргызском языке оказались глаголы, которые помогали образовывать сложные глаголы, но не имели собственного лексического значения и служили лишь показателем времени, лица, числа. В статье сравниваются вспомогательные глаголы в кыргызском и английском языках в целом, а при углубленном изучении темы необходимо изучать и сравнивать вспомогательные глаголы в английском языке в разное время, в страдательном залоге и наклонение с помощью более подробных примеров. Практическая значимость результатов работы заключается в возможности применения ее в лекционных курсах, семинарских занятиях по сравнительной типологии.*

***Ключевые слова:*** *вспомогательные глаголы; основной глагол; семантические глаголы; лексические значение; основной компонент; языкознании; структура; время; наклонение; залог.*

## COMPARATIVE TYPOLOGY OF AUXILIARY VERBS IN KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

*In this work, the subject of research is the auxiliary verbs in Kyrgyz and English languages. The main goal of the research is to study the typological differences of auxiliary verbs of the two languages. In this research mainly used comparative and analytical methods. Auxiliary verbs in Kyrgyz and English languages are usually actively used, but their divisions are different in their meaning and grammatical function. The research results show that there is a big difference between the auxiliary verbs in Kyrgyz and English. Among the auxiliary verbs that have lexical meaning in the English language, the following are distinguished: to be, to have, to do. These verbs can be used in all tenses, except for sentences in the present and past tense (Present and Past Indefinite). Auxiliary verbs in the two languages are typologically*

*different, and there are differences in the formation of auxiliary verbs in English and Kyrgyz. Auxiliary verbs in the Kyrgyz language turned out to be verbs that helped to form complex verbs, but did not have their own lexical meaning and served only as an indicator of tense, person and number. The article compares the auxiliary verbs in Kyrgyz and English in general, and with an in-depth study of the topic, it is necessary to study and compare auxiliary verbs in English at different times, in the passive voice and mood with the help of more detailed examples. The practical significance of the results of the work can be used in lecture courses, seminars on comparative typology.*

***Key words:*** *auxiliary verbs; main verb; semantic verb; lexical meaning; main component; linguistics; structure; tense; mood; voice.*

Татаал этиштер адатта эки же андан көп түгөйлөрдөн туруп, кыймыл аракеттик маани ар дайым биринчисине, негизги этишке таандык болот. Акыркы түгөй болуп келген этиш сөздүн өзүнүн нукура лексикалык мааниси солгундап, көпчүлүк учурда биротоло жоголуп да кетет.Ошондуктан буларды жардамчы (көмөкчү) этиштер дейбиз. Жардамчы этиштер негизги этиштердин маанисине тактык, кандайдыр толуктоо алып келет да, грамматикалык маанилерди туюндурууга жардам берет: *тура тур, келе жатат, сүйлөй бер, уктап кетти*. Ошентип, татаал этиштин тутумундагы нукура этиштик маанини толук сактап турган сөз негизги, ал эми этиштик мааниси солгундап же биротоло жоголуп, негизги этиштин маанисине толуктоо алып келген сөз жардамчы этиш деп аталат [1].

Татаал этиштин курамында туруп, негизги этиш билдирген түшүнүктү грамматикалык маани жагынан толуктоо катарында айтылуучу этиштер жардамчы этиштер деп аталат. Тил илиминде жардамчы этиштер өз алдынча тилдик бирдик катары ар тараптан толук түрдө изилдөөгө алынган эмес. Алар дайыма татаал этиштин курамында, кошумча компонент катары изилденип келе жатат. Бул көрсөткүчтөр жардамчы этиштердин табияты, алардын көтөргөн функционалдык жүгү али да жетишээрлик деңгээлде изилденбегендигин көрсөтүп турат. Алардын ичинен өзгөчө жардамчы этиштердин стилдик өзгөчөлүктөрү, көркөм кепте, тексте колдонулуу стилистикасы кенен каралып колго алына элек.

Түрк тилдери боюнча жазылган грамматикаларда татаал этиштерге негизги этиш жана жардамчы этиш, атооч+жардамчы этиштен түзүлгөн бирдик катары аныктама берилип жүрөт. Мындай шарт бүгүнкү күнгө чейин татаал этиштер менен этиштин аналитикалык формаларынын аныктамаларынын так эместигин көрсөтөт.

Этиштин аналитикалык формаларын татаал этиштерден бөлүп карасак, анда ал тууралуу атайын изилдөөлөр талап кылынат. Мындай изилдөөлөр татаал этиштин статусун, анын пайда болушунда жардамчы этиштин функциясын ачып берүүгө, анын структуралык – семантикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоого жардам берет.Татаал этиш сөздөр эки же андан көп уңгудан туруп, бир гана кыймыл-арекетти же ал-абалды билдирет тосуп чык-, ойлоп тап-, чаап жатат-, коштоп жүр-, баш бак-, кол кой-, алдан тай-, тарс эт-, тартып бар ж.б. [1]. Татаал этиштердин сөз жасоочу элементтери белгилүү лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр болуп саналат. Татаал этиштин структурасында кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгына карай атооч + этиш, же болбосо этиш + этиш моделиндеги айкаштар болот. Татаал этиштин семантикасы аны түзүп турган компоненттердин лексикалык маанисинен түзүлөт. Бирок мындан татаал этиштердин семантикасыны түзүп турган компоненттердин маанисинин суммасы деген жыйынтык чыгарууга болбойт.Татаал этиштердин грамматикалык маанилерин анын тутумундагы көмөкчү жардамчы этиштер уюштурат. Алар дайыма татаал этиштин экинчи түгөйү болуп түшөт. Ал эми биринчи түгөй болуп негизги этиштер, атооч сөздөр же тууранды сөздөр кызмат кылат.

Жардамчы этиштердин изилденүү тарыхы жөнүндө сөз болгондо, алардын табияты тууралуу маселе да чогуу изилденүүсү керек. Себеби тил илиминде жардамчы этиштердин табияты талаш туудурган маселелердин бири. Окумуштуулардын кээ бирлери жардамчы этиштерди толук маанилүү сөзгө кошумча маани берүүчү грамматикалык көрсөткүч катары карашса, кээ бирлери татаал этиштин курамындагы тең укуктуу компонент катары эсептешет. Мисалы, орус окумуштууларынын басымдуу бөлүгү этиштерди морфема катары эсептешет. Белгилүү орус тилчиси Ф.Фортунатов жардамчы этиштерди кызматчы сөз катары карап, ага мындай аныктама берген: ”такие слово, имеющие форму, которое своими формами изменяет значение форм другого, полного слова образует новые формы полного слова, соотносительные по значению известными простыми формами полного слова”[2]. Демек, Ф.Фортунатов жардамчы этиштер менен айкашканда толук маанилүү сөздөрдүн формасынын сапаттык жактан өзгөрүшүн белгилеп, бул айкаштарды өз алдынча морфологиялык бирдик катары кароону сунуш кылат.

Ал эми, А. Шахматов жардамчы этиштин грамматикалык мүнөздөмөсүнө көбүрөөк басым жасаган. Ал жардамчы этиштерди өзгөчөлүктөрүнө карап, эки топко бөлгөн: 1) лексикалык маанисин жарым-жартылай жоготкон жардамчы этиштер; 2) лексикалык маанисин толук жоготуп, толук маанилүү сөздүн грамматикалык манисин аныктоо кызматын аткарган жардамчы этиштер [3]. Ушул эле пикирди академик В. Виноградов дагы колдогон.

И. Мещанинов көпчүлүк тилчилер сыяктуу эле жардамчы этиштерди алгачкы лексикалык маанисин жоготкон грамматикалык мүнөзгө ээ морфема катары мүнөздөгөн. Жардамчы этиштерге мүнөздүү негизги белги катары, алардын лексикалык маанисин толук же жарым жартылай жоготушун, ошондой эле грамматикалык маанисин билдиришин эсептеген [4] ( Мещанинов 1949, 158-161).

Чындыгында, жардамчы этиштер аткарган функциясы жагынан сөз жасоочу мүчөөлөргө окшоп кетишет. Бирок мүчөлөрдөн айырмаланып, ал өз алдынча колдонулат. Кыргыз тилинде бул категория татаал этиштин курамындагы биринчи компонент менен тең укукта каралышы зарыл. Себеби, татаал конструкция берген маани эки компоненттин маанилеринин ширелишинен түзүлөт.

Жардамчы этиштер сүйлөм тизмегинде өзүнчө сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт, бул касиетке ал өзүнүн алдындагы негизги компонент менен бирге алынганда гана жетишет. Ушул белги ар кандай этиш сөздөрдүн өз алдынчалыгын, же алар татаал этиштин курамындагы жардамчы компонент экендигин аныктоочу белги болуп эсептелет. Кыргыз тилинде –а//-е//-й, -ып, -ганы формаларындагы чакчылдар менен айкашканда баштапкы лексикалык маанисинин ордуна мезгил менен мейкиндикте кыймыл - аракеттин өтүшүнүн ар түрдүү мүнөзүн билдирүүгө жөндөмдүү болгон гана этиштер жардамчы этиш боло алат.

Чакчыл формалардын ичинен –а// -е //-й, -ып//-ганы мүчөсү жалаң гана чакчылдарды уюштурбастан, аналитикалык формадагы татаал этиштерди да уюштурат. Мындай учурда татаал этиштин биринчи компоненти атоочтордон болот, ага жардамчы этиштер кошулат: жардам кылды, кулак сал, алып кел.

Кыргыз тилинде *эле, экен, де, ий, ир, эт, тура* деген жардамчы этиштер түпкү маанилеринен четтеп, нагыз жардамчы этишине айланып кетишкендигин А. Турсунов белгилеп кеткен. (А. Турсунов, Классикалык изилдөөлөр, 2017,403).

Чындыгында, аналитикалык формадагы этиштердин биринчи жана экинчи компоненти тең этиш сөздөрдөн болсо, ал компоненттер бири-бири менен –ып, -а, -й,-ганы чакчыл фомаларынын жардамы менен байланышат айта бер, ала кел, барганы жатам ж.б.

Жардамчы этиштердин табиятын ачып берүү үчүн алардын өзгөчөлүктөрүн ачып берүү зарыл. Ал эми англис тилине мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр.

Этиш – бул эң маанилүү сөз түркүмдөрүнүн бири болуп, кыймыл -аракетти же абалды процесс катары билдирген сөздүн бир бөлүгү. Бул ар кандай тилдерде ар кандай грамматикалык категорияларга ээ, алардын ичинен чак, жак,сан, ыңгай, жана мамиле мүнөздүү. Сүйлөмдөгү этиштин негизги синтаксистик функциясы баяндооч (предикат) болуу. Англис тилиндеги бардык этиштер кандай мааниге ээ экендигине жана анын кандайдыр бир мааниге ээ экендигине жараша үч топко бөлүнөт: семантикалык этиштер (смысловые глаголы-notional verbs), жарым көмөкчү этиштер (служебные- semi-auxiliary verbs) жана жардамчы этиштер (вспомогательные глаголы – auxiliary verbs).

Англис тилиндеги жардамчы этиштер – бул жардамчы этиштердин жардамы менен татаал этиштердин саны түзүлөт. Жардамчы этиштердин өзүнүн лексикалык мааниси жок (баары эмес) алар чактын, ыңгайдын жана мамиленин көрсөткүчү катары кызмат кылат, кээ бир учурларда – алар колдонулган семантикалык этиштин жагын, санын көрсөтөт.

Англис тилинде негизги этиш менен келген жардамчы этиш негизги этиштин маанисин өзгөртүп аны төмөнкү формалардын бирине айландырат туюк мамилеге, прогрессивдүү формага, модалдык же фразалык бирдикке бириктирет.

Англис тилинде ар бир сүйлөм негизги этиштен жана бир же бир нече жардамчы этиштен туруусу мүмкүн. Мисалы: write - жазуу (жардамчы этиш жок), have written ( бир жардамчы этиш бар), have been written- жазылган (эки жардамчы этиш бар). Негизги (семантикалык) этиштердин жардамчыдан айырмасы, алар өзүнүн лексикалык маанисине ээ жана сүйлөмдө жөнөкөй оозеки предикаттардын ролун ойнойт. – I like this play. Мага бул спектакль жагат (сыяктуу предикат функциясында "жактыруу" деген маанини туюнткан семантикалык этиш).

Англис тилинде төмөнкү жардамчы этиштер колдонулат:

- to be (am, is, are, was, were, been);
- to do (do, does, did);
- to have (have, has, had).

Англис тилинин жардамчы этиштеринин касиеттерине төмөнкүлөр кирет:

1. Жардамчы этиштер өз алдынча мааниге ээ эмес, алар чакты , жакты жана мамилени көрсөтүүчү катары кызмат кылат;
2. Этиштин чактарын түзүүгө катышат грамматикалык маанилерди гана туюндурат алар ар кандай грамматикалык маанилерди гана билдиришет, кыймыл арекеттерди семантикалык этиштер туюндурат, ал эми алар жардамчы этиштер менен айкалышта колдонулат;
3. Этиштин татаал жаксыз формаларын түзүү үчүн кызмат кылат;
4. Алар басымсыз колдонулат (эскертүү эгер алар мурдакы этишти кайталабоо үчүн колдонулганда же сүйлөөчү семантикалык этиш менен билдирилген кыймылдын маанисин баса белгилегиси келген учурларды кошпогондо);
5. Жардамчы этиштер негизги семантикалык этишсиз колдонулбайт;

6. Жардамчы этиштер модалдык этиштер менен дагы колдонулушу мүмкүн эмес;
7. Жардамчы этиштер терс сүйлөмдөрдү түзүү үчүн колдонулат;
8. Жардамчы этиштер суроолуу сүйлөмдөрдү түзүү үчүн колдонулат;
9. To be, to have этиштери модалдык мааниде да колдонулат андан сырткары to be, to do этиштери семантикалык этиштер катары да колдонулат.

Чет тилин кыргыз тилдүү аудиторияда окутуунун бирден бир оор, чечилгис суроолорунун бири болуп англис тилинин спецификалык өзгөчөлүгүн эске алуу саналат. Үйрөнүүчү чет тилин үйрөнүүдө бул эки тилди салыштыруу менен окшоштуктарын жана айырмачылыктарын даана баалай алат. Бир жагынан, англис жана кыргыз тилдери тилдин ар түрдүү группаларына карайт жана грамматикалык түзүлүшү жагынан да бири биринен айырмаланып турат. Англис тили менен кыргыз тилиндеги жардамчы этиштерди салыштырып окутууда эне тили менен салыштыруунун ролу эмнеде? Жардамчы этиштер кыргыз тилинде англис тилиндегидей грамматикалык өзгөчөлүктөрү жок деп айта албайбыз. Эки тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрү формасы, мааниси жагынан бир аз гана дал келет, башкача айтканда толук эмес аналогия бар.

## Жыйынтыктар:

1. Англис тилиндеги бардык чактардын суроолуу жана терс сүйлөмдөрү жардамчы этиштердин жардамы менен түзүлөт. Жардамчы этиштер сүйлөмдө эч кандай семантикалык жоопкерчиликти аткарбайт алар грамматикалык максаттар үчүн гана колдонулат. Англис тилинде лексикалык мааниге ээ болгон жардамчы этиштердин ичинен төмөнкүлөр айырмаланат: to be, to have, to do. Бул этиштер учур чак жана өткөн чактардын (Present and past Indefinite) жай сүйлөмдөрүнөн башка бардык чактарда колдонулушу мүмкүн;

2. Жардамчы этиштер булар татаал этиштерди формаларын түзүүгө жардам берген, бирок өзүнүн лексикалык маанисине ээ болбогон жана чактын, ыңгайдын мамиленин көрсөткүчү катары гана кызмат кылган этиштер экени аныкталды;

3. Англис тилиндеги жардамчы этиштер кыргыз тилиндеги жардамчы этиштер менен типологиялык жактан окшош эмес, ошондой эле жардамчы этиштердин жасалышы жагынан да айырмачылыктары бар.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / И.Абдувалиев. – Б.: Илим, 2008.- 284 с.
2. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу [Текст] / И.Абдувалиев. – Б.: Илим, 2003.- Б. 104 - 150.
3. **Фортунатов, Ф.Ф.** Избранные труды. Том 1 [Текст] / Ф.Ф. Фортунатов.- М.: Государственное учебно - педагогическое, 1956. - 178 с.
4. **Шахматов, А.А.** Синтаксис русского языка [Текст] / А.А. Шахматов. - М.: Флинта наука, 1956.- 466 с.
5. **Мещанинов, И.И.** Глагол [Текст ] / И.И. Мещанинов. – М.: Академии наук СССР, 1949. - С.158-161.
6. **Турсунов, А.Ж.** Классикалык изилдөөлөр [Текст] / А.Ж. Турсунов. - Б.: Илим, 2017. - 403 с.
7. **Токтоналиев, Т.** Кыргыз жана корей тилдериндеги жардамчы этиштердин салыштырма типологиясы [Текст] / Т. Токтоналиев // Вестник Кыргызстана. - Бишкек, 2018. - №1. - С. 132-137.

8. **Заирова, А.А.** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги жардамчы этиштер [Текст] / А.А. Заирова // Наука. Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2019. - №3 (66). - С.81- 85.

DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_103

Поступила в редакцию 12. 10. 2021 г.

**УДК 809.434.1.(575.2)(043.3)**

***Заирова А.Р.***

*аспирант Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЖАНА ӨЗБЕК ТИЛДЕРИНДЕ «БЕР» ЖАРДАМЧЫ ЭТИШИНИН КОЛДОНУЛУШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары кыргыз жана өзбек тилдериндеги "бер" жардамчы этиш сөзүнүн колдонулуу өзгөчөлүктөрү каралат. Изилдөөнүн негизги максаты эки тилдеги оозеки жана жазуу кебинде "бер" жардамчы этиш сөзүнүн айтылышы жана жазылышына анализ жүргүзүү болду. Айрым этиш сөздөр кыргыз жана өзбек тилдеринде негизги этиштик мааниде да, жардамчы этиштик мааниде да колдонула берет. Мындай этиш сөздөр баштапкы абалында ар бири өзүнө тиешелүү болгон кыймыл-аракетти туюндурса, ал эми жардамчы этиш катары татаал этиштин тутумунда келгенде негизги этишке кошумча маани тартуулап, өзүнүн баштапкы маансинен толук же жарым-жартылай ажырап калат. Макалада салыштырма-типологиялык талдоо жүргүзүлүп, кыргыз жана өзбек тилдериндеги жардамчы этиштердин маанилик жактан окшоштуктары жана айырмачылыктары каралды. Изилдөөнүн жыйынтыгында кыргыз тилиндеги "бер" этиш сөзүнүн эки тилде тең татаал этиш сөздөрдүн тутумунда негизги этиш сөз катары да, жардамчы этиш катары да активдүү колдонулаары аныкталды жана өзбек тилинде жардамчы этиш сөз катары келгенде тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураганын көрдүк. Изилдөөнүн натыйжасы өзбек тилдүү студенттерге кыргыз тилинин практикалык курсун окутууда колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *негизги этиш; сөз түркүмү; семантика; этиштин тутуму; чакчыл; семантикалык маани; кыймыл-аракет; түшүндүрмө сөздүк; лексика; морфология.*

## ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ВСПОМОГАТЕЛЬНОГО ГЛАГОЛА "БЕР" В КЫРГЫЗСКОМ И УЗБЕКСКОМ ЯЗЫКАХ

*В данной статье предметом исследования является особенности использования вспомогательного глагола "бер" в кыргызском и узбекском языках. Основная цель исследования анализировать произношения и написания вспомогательного глагола "бер" в двуязычной устной и письменной речи. Некоторые глаголы используются в кыргызском и узбекском языках как в основном, так и во вспомогательном смысле. Такие глаголы в своем исходном состоянии выражают действие, принадлежащее каждому из них, но когда они входят в качестве вспомогательных глаголов в системе сложных глаголов, они придают дополнительное значение основному глаголу и полностью или частично теряют свое первоначальное значение. В статье проводится сравнительно-типологический анализ семантических сходств и различий между схожими глаголами в кыргызском и узбекском языках. В итоге выявлены, что глагол «бер» активно используется в обеих системах сложных глаголов как в качестве основного, так и вспомогательного глагола и когда используется в качестве вспомогательного глагола в узбекском языке произойдет фонетические изменения. Результаты исследования рекомендуются к использованию в обучении практического курса кыргызского языка узбекоязычным студентам.*

***Ключевые слова:*** *основной глагол; часть речи; семантика; состав глагола; причастие; смысловое значение; движение; толковый словарь; лексика; морфология.*